# КӨҢҮЛ БУРУҢУЗДАР, ОЙЛОП ТАБУУЧУЛАР ЖАНА ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АДИСТЕР!

Ойлоп табууда ишке ашырылган идея өлкөнүн келечегин өзгөртүүгө жөндөмдүү. Дал ушундай идеялар техникалык прогресстин, инновациялык өнүгүүнүн жана Кыргызстандын экономикасын чыңдоонун негизин түзөт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ** төмөнкү сыйлыктарга талапкерлерди көрсөтүүнүн жаңы тартиби кабыл алынгандыгын маалымдайт:

- **«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК СИҢИРГЕН ОЙЛОП ТАБУУЧУСУ» АРДАКТУУ НААМЫНА**
- **ЕВРАЗИЯЛЫК ПАТЕНТТИК УЮМДУН (ЕАПО) В. И. БЛИННИКОВ АТЫНДАГЫ «ОЙЛОП ТАБУУЧУЛУК ЖАНА ПАТЕНТ ИШИНЕ КОШКОН САЛЫМЫ ҮЧҮН» АЛТЫН МЕДАЛЫНА**

### «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК СИҢИРГЕН ОЙЛОП ТАБУУЧУСУ»

ардактуу наамы ойлоп табуучуларды сыйлоонун эң жогорку формасы болуп саналат жана техникалык прогресске жана өлкөнүн экономикасына олуттуу салым кошкон авторлорго, анын ичинде өндүрүшкө киргизилген, мамлекеттик мааниге ээ ойлоп табуулары үчүн, ошондой эле көп жылдык үзүрлүү ойлоп табуучулук ишмердиги үчүн ыйгарылат.

### В. И. БЛИННИКОВ АТЫНДАГЫ АЛТЫН МЕДАЛЬ

ойлоп табуучулук жана патенттик ишмердикти өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы үчүн ыйгарылат. Сыйлыкка ойлоп табуучулар, интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү адистер, уюмдар, ошондой эле башка жеке жана юридикалык жактар көрсөтүлүшү мүмкүн.

### ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КИМДЕР КӨРСӨТӨ АЛАТ?

Ардактуу наамга жана Алтын медалга талапкерлерди көрсөтүү укугу Кыргыз Республикасынын министрликтерине, ведомстволоруна, илимий жана илимий-изилдөө мекемелерине, илимий-техникалык коомдорго жана коомдук уюмдарга берилет.

**Бир уюм бир гана талапкерди көрсөтүүгө укуктуу.**

Тандоого катышуу үчүн бекитилген Тартипке ылайык тиешелүү документтерди даярдоо зарыл.

В. И. Блинников атындагы Алтын медалга көрсөтүү үчүн документтер үстүбүздөгү жылдын **1-ноябрынан кечиктирилбестен тапшырылышы керек.**

Документтерди кабыл алуу, кароо жана кароо Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик фонд тарабынан жүргүзүлөт.

## СИЗДИН ОЙЛОП ТАБУУҢУЗ – КЫРГЫЗСТАНДЫН КЕЛЕЧЕГИНЕ КОШКОН САЛЫМЫҢЫЗ!

Эгер сиз же сиздин уюмуңуз ойлоп табуучулукту, инновацияларды жана патенттик ишти өнүктүрүүгө олуттуу салым кошкон болсоңуз – татыктуу талапкерди сыйлыкка көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланыңыз.


**КОШУМЧА МААЛЫМАТ АЛУУ ҮЧҮН:**

Телефон: **+996 505 167 497**

E-mail: **alikovalmaz4@gmail.com**

КӨҢҮЛ БУРУҢУЗДАР, ОЙЛОП ТАБУУЧУЛАР ЖАНА ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АДИСТЕР!

Ойлоп табууда ишке ашырылган идея өлкөнүн келечегин өзгөртүүгө жөндөмдүү. Дал ушундай идеялар техникалык прогресстин, инновациялык өнүгүүнүн жана Кыргызстандын экономикасын чыңдоонун негизин түзөт.

Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги төмөнкү сыйлыктарга талапкерлерди көрсөтүүнүн жаңы тартиби кабыл алынгандыгын маалымдайт:

- «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу» ардактуу наамына;

- Евразиялык патенттик уюмдун (ЕАПО) В. И. Блинников атындагы «Ойлоп табуучулук жана патент ишине кошкон салымы үчүн» Алтын медалына.

«Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу» ардактуу наамы ойлоп табуучуларды сыйлоонун эң жогорку формасы болуп саналат жана техникалык прогресске жана өлкөнүн экономикасына олуттуу салым кошкон авторлорго, анын ичинде өндүрүшкө киргизилген, мамлекеттик мааниге ээ ойлоп табуулары үчүн, ошондой эле көп жылдык үзүрлүү ойлоп табуучулук ишмердиги үчүн ыйгарылат.

В. И. Блинников атындагы Алтын медаль ойлоп табуучулук жана патенттик ишмердикти өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы үчүн ыйгарылат. Сыйлыкка ойлоп табуучулар, интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү адистер, уюмдар, ошондой эле башка жеке жана юридикалык жактар көрсөтүлүшү мүмкүн.

ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КИМДЕР КӨРСӨТӨ АЛАТ?

Ардактуу наамга жана Алтын медалга талапкерлерди көрсөтүү укугу Кыргыз Республикасынын министрликтерине, ведомстволоруна, илимий жана илимий-изилдөө мекемелерине, илимий-техникалык коомдорго жана коомдук уюмдарга берилет.

Бир уюм бир гана талапкерди көрсөтүүгө укуктуу.

Тандоого катышуу үчүн бекитилген Тартипке ылайык тиешелүү документтерди даярдоо зарыл.

В. И. Блинников атындагы Алтын медалга көрсөтүү үчүн документтер үстүбүздөгү жылдын 1-ноябрынан кечиктирилбестен тапшырылышы керек.

Документтерди кабыл алуу, каттоо жана кароо Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик фонд тарабынан жүргүзүлөт.

СИЗДИН ОЙЛОП ТАБУУҢУЗ — КЫРГЫЗСТАНДЫН КЕЛЕЧЕГИНЕ КОШКОН САЛЫМЫҢЫЗ!

Эгер сиз же сиздин уюмуңуз ойлоп табуучулукту, инновацияларды жана патенттик ишти өнүктүрүүгө олуттуу салым кошкон болсоңуз — татыктуу талапкерди сыйлыкка көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланыңыз.

Кошумча маалымат алуу үчүн:

https://drive.google.com/drive/folders/1m4L9Q5JpmnIREddHhiGmWnz4HaDOHQhR?usp=sharing

📞 Телефон: +996 505 167 497

📧 E-mail: alikovalmaz4@gmail.com